| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ**

2026-жылдын 20-майы, № 12/4 Ылай-Талаа айылы

**Ылай-Талаа айылынын тургуну Моңолбаев Жалил Арапбаевичке « Ылай-Талаа айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамын берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 35 жылдыгынын урматына Ылай-Талаа айыл аймагынын социалдык-экономикалык жактан өнүгүшүнө бараандуу салым кошкон алдыңкы адамдарына урмат, сый көрсөтүү, даңктоо иштерин жүргүзүү максатында айыл аймагына караштуу Ылай-Талаа айылындагы Ө.Абдылдаев атындагы жалпы билим берүү мектебинин 2026-жылдын 30-апрелиндеги мугалимдер чогулушунун протоколу боюнча Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин мыйзамдуулук, укук тартиби, маданият, билим берүү, саламаттыкты сактоо, кеңештердин иштери, депутаттык этика, коомдук уюмдардын, саясий партиялардын жана дин иштери туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат**:

1. Ылай-Талаа айылындагы Ө.Абдылдаев атындагы жалпы билим берүү мектебинин 2026-жылдын 30-апрелиндеги мугалимдер чогулушунун протоколу бекитилсин.

2.Ылай-Талаа айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө кошкон салымын, айыл жаштарын дени сак, сергек жашоого үндөп Ылай-Талаа айылына жабык типтеги кичи футбол аянтчасын куруп бергендигин жана спорттун волейбол, футбол түрлөрү боюнча өлкө ичиндеги мелдештерде жетишкен көптөгөн ийгиликтерин эске алуу менен Ылай-Талаа айылынын тургуну **Моңолбаев Жалил Арапбаевичке «Ылай-Талаа айыл аймагынын ардактуу атуулу»** наамы ыйгарылсын.

3. Ардактуу наамдын ээси **Моңолбаев Жалил Арапбаевичке** атайын **«Ылай-Талаа айыл аймагынын ардактуу атуулу»** жазуусу түшүрүлгөн төш белги, күбөлүк жана лента атайын майрамдык иш-чарада салтанаттуу тапшырылсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин мыйзамдуулук, укук тартиби, маданият, билим берүү, саламаттыкты сактоо, кеңештердин иштери, депутаттык этика, коомдук уюмдардын, саясий партиялардын жана дин иштери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Мойдунов**